– Талант мырза, кампусту куруу идеясы качан пайда болгон эле?

– Биздин университет сапаттык, сандык жагынан да өсүүнүн үстүндө. Студенттердин саны көбөйүүдө. Ошондуктан имаратты кеңейтүү жагын көп жылдан бери ойлоп келатканбыз. Биринчиден, донорлордун эсебинен курулганы жаткан кампустун курулушу менен өлкөгө инвестиция тартууга мүмкүн болот. Экинчиден, студенттерге да жакшы шарттар түзүлөт. Окуу жайдын азыркы президенти бул идеяны колдоого алып, буюрса, сөздөн ишке ашып атат. Бул үчүн Бишкектин четиндеги Асанбай кичирайону тараптан 3 гектар жер сатып алдык. Кампус 16 миң чарчы метр аянтка курулуп, бийиктиги 4 кабат болот. Анда административдик корпус, аудитория, китепкана, тамактануучу жай, спорт аянтчалары орун алат. Кыргызстандагы эле эмес, Борбордук Азиядагы өзгөчө курулуш болуп, кооздугу, көркүүлүгү менен айырмаланган студенттик шаарчага айланмакчы.

Баса, бул кампусту тургузуу менен